УДК: 378

Гүмүшсой С.
*Х.Карасаев ат. Ысык-Көл лицейи*

# ОКУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МАКСАТЫН АНЫКТОО ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Азыркы убакта педогогикалык процесстин маанилүү түзүүчүсү бөлүп окутуунун эффективдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган түрдүү технологиянын жаралышы эсептелет. Жаңы технологиянын жаралышынын жыйындысы жетишерлик кеңири жана алардын ар бирин тандоо билим берүү чөйрөсүнүн конкреттүү шарттары, мазмундун спецификасы, максаты менен айырмаланат.

Ушуга байланыштуу азыркы билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынын бири болуп чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн өнүгүшү эсептелет. Окуучунун өнүгүүсүнүн негизги болуп өзүн окуунун субъекти катары өзгөртүүдө багытталган окуучунун болгон окуу ишмердүүлүгү каралат. Окуучунун ишмердүүлүктүн субъекти катары калыптанууда өзгөчө орунду окуу максатын кабыл алуу жөндөмдүүлүгү алардын жетишкендик жолдорун белгилөөө, максатын ишке ашыруу ээлейт.

Психологдор менен педогогдордун изилдөөлөрүндө(М.А.Данилов, Л.В.Заиков, Л.С.Славина) окуу процессин башкаруу, эгерде окутуунун алдында турган максаттар окуучулардын ички ойгонууларына трансформацияланса , бир топ эффективдүү болот, б.а.

Алар кийинки окуу ишмердүүлүгүнүн келечегин көрө алышат, мында алардын ой жүгүртүүсү , эске тутуусу активдешет, ойлонуу иши интенсивдешет, көрөгөчтүгү ойгонот, жоопкерчилик сезими, сабакта көптү билүүнү каалоо, таанып-билүүчүлүк керектөөлөрүн толук канаттандыруусу пайда болот. Окуучу үчүн негизги тезиси болуп “Мен таанып-билгендендердин баары эмнеге керектигин билем. Мен кайда, качан буларды колдоонууну билем” деген тезис эсептелет.

Окутуунун жалпы максаттары сырттан берилет (коом, программа, план менен), жана аларды пайда кылууда окуучу катыша албайт, ал эми жеке максаттарга түздөн-түз катыша алат. Мугалим койгон максаттын маанисинин негиздөө жөндөмсүз, анын жетекчилигине алуу, өз алдынчалуулук алдыга максат коюу жөндөмсүз окуу ишмердүүлүгү мүмкүн эмес. Мугалим койгон максат окуучунун да максаты болуп калышы керек. Мугалимдин аракети бул учурда окуу максатына багытталат, мотивациялык жактан камсыз болот. Бул учурда максатты мотивациянын булагына айландыруу маанилүү.

Субъектин мотивациясынын сунушталган максатка дал келиши, анын мотивдерине жооп берүүчү максатты кабыл алуу маанилүү психологиялык учур болуп саналат. Окуунун жеке маанилүүлүк шарттарында окуучу өзү үчүн активдүүлүктү көрсөтөт, максатка жетүү боюнча ишмердүүлүктө активдүү болбой койбойт.

Билимди өздөштүрүү “алыскы” жана “жакынкы” максаттын негизинде курулат. Жеке жана жалпы максаттардын жыйындысы ырааттуулук катары, окуу тапшырмаларынын системасы катары кароого болбойт.

Ошону менен бирге максаттарды бөлүү жана аңдоо автоматтык түрдө өтүүчү жана бир мезгилдеги акттынын түшүндүрбөйт, жеке ишмердүүлүк процессинде гана окуучулардын жеке максаттарды бөлүүсү жана аңдоосу өтөт.

Окуу процессин уюштуруунун маанилүү чечүүчү ролу билим берүүнүн максаттарын мугалимдин конкреттүү сабактын максаттарын которуу ишмердүүлүгүнө таандык.

Сабакта окуучулар мугалимдер даяр максатты алышат. Бирок анын маанилүүлүгү окуучу тарабынан дайым эле негиздүү болбойт, мугалимдин тышкы талабы катары кызмат кылат.

Натыйжада, окуучунун ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун жүрүшүндө максаттар алмашпайт: ал тапшырманы аткаруу жолдорун ойлобостон кантип натыйжаны тез алууну ойлонот.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, мектеп курагында эле кабыл алынган максатты аңдоонун негизинде уюштуруу элементтери мүмкүн. Констатирлөөчү эксперимент Каракол шаарындагы лицейде өткөрүлдү, мында уюштуруучулук деңгээли, өзүнүн эркине багындыруу жолу жана максатка жетүүгө практикалык иш-аракет жасоо аспекти аныкталды.

Окуучулар төрт тапшырма алышты туура жооп тапкыла:

1. 1894-жылы Орхон-Енисей жазуу эстелигин эң алгач окуган окумуштуу:

А) В.Томсон В) В.Радлов

Б) С.Кляшторный Д) С.Малов

2. Орхон-Енисей жазуучулары кайсы мезгилге таандык?

А) IV-XII В) VII-XII

Б) VII-XIII Г) IX-XIV

Эксперименттин натыйжаларын иштеп чыгууда окуучунун тапшырмага талабы канчалык аткарылгандыгы аныкталды.

Экперментатор сунуштаган тиешелүү талаптар менен салыштырмалуу изилдөөгө кошкон салымды баалоого мүмкүндүк берет.

Биз койгон суроонун натыйжасында окуучулар төмөнкүдөй жооп беришти: 10 %ы мугалим койгон максатты, 50% (“Билбейм”, “Жасай албайм”, “Унуттум”) деген суроолорго жооп бере алышкан жок.

Ошентип, мугалим сабактын башында койгон максат, аз сандагы окуучулар тарабындан кабыл алынды.

10-класс. Мугалим “Бүгүнкү сабакта” деген максатты коёт

1-таблица

| № | Качан? | Кайда? | Эмне өткөрүлдү? |
|---|---|---|---|
| 1 | IX-X к.к. | Монгол талаларында | |
| 2 | 1155-ж. | Онон дарыясынын боюндагы Делпун-Болдон аймагы. | |
| 3 | 1206-ж. | Монголияда | |
| 4 | 1207-ж. | Түштүк Сибирде | |
| 5 | 1227-ж. | Батыш Кытайда | |
| 6 | 1273-ж. | Енисейде | |
| 7 | 1218-ж. | Жети-Сууда | |
| 8 | 1269-ж. | Орто Азияда | |

Экспериментке катышкан окуучулар төрт топко бөлүндү.

1. 1-группа максат жана тапшырманын карым-катышы катары талапты толук аткарбаган окуучулар. Булар эксперименттатордун талабын кабыл албай, материал жана кырдаалга жараша иш-аракет жасаган окуучулар. Бирок алар иштен баш тартпастан, тапшырмага оң эмоционалдык мамиле жасашты.

2. 2-группа бир параметрге карата талапты аткарбай, бирок башка парамерге карата айрым талаптарды аткарган окуучулар. Алар талапты аткарууга бул иш-аракетти өздөрүнүн максатына баш ийдирүүгө аракет жасашат, ошентип, өздөрүнүн активдүүлүгүн ага жетүүгө жумшалат, бирок акырындык менен материалдын жана кырдаалдын таасирине орун беришет.

3. 3-группа бир параметрдин талаптарын аткарган башка параметрдин айрым талаптарын аткарган окуучулар.

4. 4-группа – экспериментатордун баштапкы талаптарын толук аткарган окуучулар. Булар өздөрүнүн иш-аракеттерин максатка баш ийдирип, ага жетүү үчүн активдүүлүгүн жумшашат.

Экспериментатор сунуштаган талаптарды аткарууда окуучулардын топторго бөлүнүшү.

| Класстар | Топтордогу окуучулардын саны % | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 10”А” | 40 | 16,7 | 23,3 | 20,0 |
| 10”Б” | 15,0 | 33,3 | 36,7 | 15,0 |

Алынган маалыматтар,окуучулар үчүн өз иш-аракеттеринин жана активдүүлүктөрүнүн башка адам сунуштаган максатка жетүүгө багыттоосу кыйынчылык келтирилиши көрсөтөт; 10 “А”класстан 20% окуучулар, 10 ”Б” класстан 15% окуучулар гана иштин аягына чейин коюлган максат боюнча аракеттене алышты. Мугалимдердин окуучунун бул өзгөчөлүктөрүн билип,окуу процессинде аны эске алуусу маанилүү.

Бизди алдын ала башка адамдар тарабынан максат коюлбаган учурда окуучунун ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү кызыктырды.

“Тарыхтын” методикасы боюнча экспериментте окуучулар көрсөтмө боюнча өздөрүнүн изилдөө иштерин пландоосу керек.

Биз түзүү планы менен факты түрүндө аткаруу пландарынын дал келүүсү боюнча көз караштан материалды анализдедик.

Пландын дал келүүсү жана тапшырманы аткаруу натыйжасынын даражасы боюнча окуучуларды бөлүштүрүү

2-таблица

| Класстар | Окуучунун саны % | | |
|---|---|---|---|
| | өз планынын талабын толук аткарган | өз планынын айрым талаптарын аткарган | өз планынын талаптарын аткарбаган |
| 10 | 56,7 | 23,3 | 20,0 |
| 11 | 61,7 | 28,3 | 10,0 |

2-таблицада көрүнгөндөй 10”А”класстан 56,7%,10”Б” класстан 61,7% окуучулар максатты өз алдына коюуда тапшырманы толук аткарган.Ал эми 10”Б”20%,10”А”10% окуучулар гана өз пландарын ишке ашыра алган эмес.

Максатты өз алдына коюуда жана экспериментаторлор максат койгон учурда тапшырманы аткаруу.

3-таблица

| Максат коюлган | Окуучунун саны | | |
|---|---|---|---|
| | Пландын талаптарын толук аткарган | Пландын айрым талаптарын аткарган | талаптарын аткарбаган |
| өз алдынча | 60,0 | 27,0 | 13,0 |
| экспериментатор сунуштаган | 33,3 | 27,7 | 39,0 |

Бул маалыматтарды салыштыруу төмөнкүдөй жыйынтыкка алып келет: окуучулар өзүлөрү койгон максат мотивацияны күчөтөт, оң маанайды түзөт, көп убакта тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө сакталат, ал эми сырттан коюлган максат окуучунун акдивдүүлүгүн азайтат. Мотивациянын күчү аз болуп, окуучу өз иш-аракетин бул максатка толук багыттай албайт.

Талаптарды аткара албаган көп окуучулар максатты өз алдына коюп, тапшырманы ийгиликтүү аткарышты.

Окуучу өз аракетин иш-аракетин жана акдивдүүлүгүн максатка жетүүгө багыттоо үчүн, кошумча шарттар зарыл. Мындай шарттарга аны коюга тартылышы, ишке ашыруу жолдору жана башкалар кирет.

Ошентип, 10 - класстарга индивидуалдык экспериментте 8 тапшырмадан 4 тапшырманы 7 мүнөттө аткаруу сунушталат.

Тапшырманы аткаруунун башында берилген инструкцияда окуучунун ишинин жалпы жыйынтык максаты көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан анын ички активдүүлүгү эң биринчиден, өз ишинин натыйжасын көрсөтүүдө жана аны максат катары аңдоодо көрүнөт.

Бул эксперимент окуучу бир топ максаттуу ишмердүүлүктү тандоонун астында болгон окуу кырдаалын түзөт, б.а., максатка жетүүгө багытталган аң-сезимдүү болушу керек.

Окуучунун жагдайга мамилесин аныктоо үчүн, аң-сезимдүү билгилерин табуу үчүн биз эксперимент процессинде анын жүрүш турушун тапшырманы тандоодо адтивдүүлүк даражасына байкоо жүргүздүк. Иштин аягында окуучуларга суроо берди. Жумушту аягына чейин бүтүрбөй туруп таштап салуусун каалайсыңбы? Белгилүү убакта бүтүрүүнү калайсыңбы?

Экспериментте окуучунун жүрүш-турушу максаттуу мүнөзгө ээ болду. Окуучуларды бирөө дагы сунушталган тапшырмага кайдыгер болгон, жок кырдаалды актуалдаштыруу болуп өттү.

Эксперименттин натыйжасында алынган маалыматтар 10-класстардын 45 гана толук коюлган милдетти аткаргандыгы жана тапшырма 7 мүнөттө аткарганын көрсөттү.

Тапшырманын максатын дароо 45 % окуучу кайталай алышты, 23 % гана (7-класстар) ишти аткаруучу тактоочу суроолорду беришти.

Тапшырманы өзү талдоону окуучулардын 48 %и иш тааныш экендигине (Тааныш ишти бат аткаруу мүмкүн. “Билим, бат иштелди”) ыналышты. ”Кызыктуу“ оор милдетти, тапшырманы, өздөрүнө жаккан тапшырманы 10-класс 48 % талдады. Булар негизинен тапшырманы аткара албаган окуучулар. Алар окуучуларга мүнөздүү болгон кызыктуу, аткарууга оор ишке түздөн-түз кызыгууну ишке ашыра алган жок.

Ошентип, бардык тапшырманы аткаруу ийгилги окуучу каалаган максатка өз иш-аракетин багындыра алгандыгына жана өз активдүүлүгүн ага жетүүгө багыттай алгандыгына көз каранды.

Окуу процессинде мугалим ар бир сабакта окуучунун алдына тапшырма берет, бул окуу процессинде аткарылат. Максаты-сабакты багыттоочу уюштуруучу момент.

Лаборотриялык экспериментте алынган маалыматты тактоо үчүн окуучулар мугалим берген максатты биз 10-11-класстын окуучуларын “мен сабакта эмне кылам“ деген суроого жооп берүүсүн сурандык. Окуучулар мугалим окуу ишмердүүлүгүнүн максатын алардын алдына койгондон кийин дароо жооп беришти.

10-11-класс мугалим койгон максат; “Бүгүнкү сабакта биз ата-бабалар менен окуяны кандай дал келтирүү керектигин үйрөнөбүз”.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Караханид каганатынын гүлдөгөн мезгили | 1 | 1210-ж. |
| 2 | Түрк уруусун Теңир тоонун ---- кабыл алуусу | 2 | 1125-ж. |
| 3 | Караханид каганаттыгынын расмий түрдө чыгыш жана батыш болуп бөлүнүшү | 3 | 999-ж. |
| 4 | ----- Ляо империясын талкаланышы | 4 | 960-ж. |
| 5 | Си Ляо мамлекетинин борбору | 5 | Гурхан |
| 6 | Кара-кытайдын башчысынын титулу | 6 | Кучлук |
| 7 | 1208-жылы ------ ----- башчысы | 7 | Муса |
| 8 | Маверенахарды караханиддердин жеңиши | 8 | 1070 |
| 9 | Теңир-Тоодо наймандардын бийлигинин орношу | 9 | X-XII к.к. |
| 10 | Исламды мамлекеттик дин деп жарыялаган караханид башчысы | 10 | Баласагын |

Демек, мугалим ишмердүүлүктүн максатын кандай койгонуна карабай так, же так эмес-көпчүлүк окуучулар алып өзү үчүн маанилүүлүгүн аңдап билген жок. Бирок сабак процессинде окуучулар мугалимдин жетекчилиги менен тапшырманы аткарып эрежени үйрөнүшөт.

Адабияттар

1. Данилов М.А. Процесс обучения в советской школе. -// Советская педагогика 1968, № 1.
2. Занков Л.В. Дидактика и жизнь. –М., 1968, 175 с.
3. Славина Л.С. Дети с афорективным поведением. -М.: Просвещение, 1966.
4. Шамова Т.И. Активизация учения школьников. -М., 1982, 208 с.